**Кызыл-Кыя шаардык И. Абдрахманов атындагы №13 жалпы билим берүү орто мектебинин №3 педагогикалык кеңешмесинин протоколу**

09.01.2023. катышканы- 41

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2-чейректин жыйынтыгы

2. Усулдук бирикмелердин отчету

3. Ар түрдүү маселелер

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова Айзирек сөзгө чыкты.

Угулду:

-Саламатсыздарбы, урматтуу эмгек жаааты, сиздерди 2-чейректин жыйынтыгы менен тааныштырып кетейин. Чейректи 829окуучу менен баштадык. Анын ичинен 23окуучу кетип, 31 окуучу келип, 837окуучу менен аяктадык. Ал эми билим сапаты төмөнкүдөй болду.

| № | классы | Окуучунун саны | Эң жакшы | 5% | жакшы | 4 % | орто | 2 % | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1-класс | 120 | | | | | | | |
| 2 | 2-класс | 140 | | | | | | | |
| 3 | 3-а | 24 | 9 | 37% | 2 | 9% | 13 | 54% | 46% |
| 4 | 3-б | 31 | 2 | 6% | 12 | 38% | 16 | 55% | 45% |
| 5 | 3-в | 33 | 2 | 6% | 19 | 58% | 22 | 36% | 64% |
| 6 | 3-г | 28 | 4 | 14% | 9 | 32% | 15 | 54% | 46% |
| 7 | 3-д | 27 | 2 | 7% | 8 | 30% | 17 | 63% | 37% |
| 8 | 4-а | 19 | 2 | 11% | 9 | 47% | 8 | 42% | 58% |
| 9 | 4-б | 29 | 8 | 27% | 6 | 21% | 15 | 52% | 48% |
| 10 | 4-в | 27 | | | 5 | 19% | 22 | 81% | 34% |
| 11 | 4-г | 29 | 1 | 3% | 11 | 38% | 17 | 59% | 41% |
| 12 | 4-д | 30 | 7 | 23% | 8 | 27% | 15 | 50% | 50% |
| 13 | 3-4-класс | 277 | 37 | 15% | 89 | 32% | 160 | 55% | 47% |
| 14 | 1-4-класс | 537 | | | | | | | |
| 15 | 5-а | 26 | 4 | 18% | 6 | 23% | 16 | 62% | 38% |
| 16 | 5-б | 30 | 3 | 10% | 8 | 27% | 19 | 63% | 37% |
| 17 | 5-в | 24 | 4 | 16% | 6 | 24% | 14 | 60% | 40% |
| 18 | 5-г | 27 | 3 | 7% | 7 | 26% | 17 | 68% | 33% |
| 19 | 6-а | 23 | 3 | 13% | 6 | 26% | 14 | 61% | 39% |
| 20 | 6-б | 35 | 4 | 11% | 8 | 22% | 23 | 67% | 33% |
| 21 | 7-а | 24 | 3 | 12% | 2 | 8% | 19 | 80% | 20% |
| 22 | 7-б | 20 | | | 7 | 35% | 13 | 65% | 35% |
| 23 | 7-в | 24 | 3 | 12% | 5 | 12% | 16 | 67% | 33% |
| 24 | 8-а | 19 | | | 7 | 33% | 12 | 67% | 33% |
| 25 | 8-б | 29 | 5 | 17% | 4 | 14% | 20 | 69% | 31% |
| 26 | 9-а | 16 | 1 | 6% | 6 | 37% | 9 | 56% | 43% |
| 27 | 5-9-класс | 297 | 33 | 13% | 72 | 25% | 192 | 65% | 38% |
| 28 | 3-9-класс | 574 | 70 | 14% | 161 | 28% | 352 | 60% | 42% |

Мына өзүңүздөр уккандай, башталгыч класстын билим сапаты 47% ды, чоң класстар 38% болуп, жалпы билим сапат 42% ды түздү.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А.К. чыгып, пайызы төмөн чыккан класстардын класс жетекчилерине бир канча суроолор менен кайрылып, өздөштүрүүсү начар балдар менен жекече иш алып барууну күчөтүүлөрүн катуу эскертти.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. 1. Окуу бөлүм башчысынын 2-чейрек боюнча берген отчету канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Предметтик мугалимдер, класс жетекчилер балдар менен жекече иш алып барышсын.

Экинчи маселе боюнча башталгыч класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Муллоянова Зулфия эжеке төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Башталгыч класстарда ноябрь айында айланма дептерлери, жат жазуу, текшерүү иш дептерлеринин абалдарын ошондой эле күндөлүктөр текшерилди. 1-класстарды жалпы текшергенде айланма дептерлеринин абалдары жакшы. Мугалимдер тез-тез текшерип турушат. Дептерлердин баары тышталган, даректери жазылган. Жумушчу дептерлерди да колдонушат, а окуучулар тапшырмаларды өз убагында аткарышат. Бааларды мугалимдери өз убагында коюп турушат. 2-класстарды да жалпы текшергенде, айланпа дептерлери толук , мугалимдер өз убагында текшерип турат . Жат жазуу текшеруу иш дептерлери да толук, абалдары жакшы. Бир гана 2-г класстын дептерлерин текшергенде кээ бир окуучулардын фамилия аттары жазылган эмес, тышталган эмес, мугалим текшерүү иш, жат жазуу дептерлерин оз убагында текшерген эмес. Бул мугалимге кемчиликтер айтылгандан кийин гана текшерилгенде кемчиликтерин толуктап койгон. 3-класстарды да жалпы текшергенде баарынын дептерлери жакшы айланпа дептерлери толук тышталган, айланпа дептерлери бар, текшерүү иш жана жат жазуу дептерлери да толук. Мугалимдери өз убагында текшерип турушат. 4-класстарды да жалпы текшергенде келбеген окуучуларды эсепке албаганда бардык окуучуларда айлампа дептерлери толук,тышталган. Текшерүү иш жат жазуу дептерлери да толук, мугалимдери өз убагында текшерип турат. Бул класстар башка класстарга салыштырмалуу чон класс болгондугу үчүн фамилия аттарын өздөрү жазышып, таза, сулуу жазып калышкан.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин жетекчиси Жумаева Асылкан сөзгө чыкты.

Угулду:

Биздин усулдук бирикмеде ноябрь айында кыргыз тили жана адабияты,тарых предмети боюнча 5-9-класстарга олимпиада өткөрүлдү. Анын жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстардан 5-6-7-8-9-класстардын көрсөткүчү

| № | Аты-жөнү | Классы | Упайы | Оруну |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Камардинов Нуртилек | 5-а | 12 | 1-орун |
| 2 | Токтомушова Жаннат | 5-а | 11 | 2-орун |
| 3 | Кадырова Раяна | 5-а | 10 | 3-орун |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Аманкулов Алихан | 6-а | 10 | 2-орун |
| 5 | Топчубаев Даниел | 6-а | 10 | 2-орун |
| 6 | Давлятова Чолпонай | 7-а | 8 | 1-орун |
| 7 | Кадырова Акмөөр | 7-а | 7 | 2-орун |
| 8 | Каримова Айсулуу | 8-а | 13 | 1-орун |
| 9 | Бактыбаева Зеби | 8-а | 13 | 1-орун |
| 10 | Абдышова Асель | 9-а | 19 | 1-орун |
| 11 | Манас уулу Адилет | 9-а | 16 | 2-орун |
| 12 | Орозбаева Мавлюда | 9-а | 13 | 3-орун |

Ал эми орус тилдүү класстардын көрсөткүчү төмөнкүдөй болду. Мында биз 5-класстар арасынан 3орунду белгилеп алдык.

| № | Аты-жөнү | Классы | Упайы | Оруну |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Алибеков Ариет | 5-б класс | 12 | 1-орун |
| 2 | Абдуллаева Сумая | 5-в класс | 11.5 | 2-орун |
| 3 | Тешебаева Раяна | 5-б класс | 11 | 3-орун |
| 4 | Камалдинова Мадина | 6-б класс | 10 | 1-орун |
| 5 | Шермырзаева Арууке | 6-б класс | 9 | 2-орун |
| 6 | Абжалилов Билал | 6-б класс | 8.5 | 3-орун |
| 7 | Маширапова Жумагул | 7-б класс | 13 | 1-орун |
| 8 | Камчиева Шахида | 7-б класс | 11 | 2-орун |
| 9 | Абдысаматова Айдай | 7-б класс | 10 | 3-орун |
| 10 | Бөрүбаева Бубуасия | 8-б класс | 4 | 2-орун |
| 11 | Тешебаева Мадина | 8-б класс | 2 | 3-орун |

Ошондой эле тарых пердметинен 5-6-7-8-9-класстардан 18 окуучу катышып, жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

| № | Аты-жөнү | Классы | Упайы | Оруну |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кадыров Ислам | 5 класс | 10 упай | 1-орун |
| 2 | Сабыралиева Зийнат | 5 класс | 9 упай | 2-орун |
| 3 | Ордонбекова Айгерим | 5 класс | 9 упай | 2-орун |
| 4 | Камардинов Нурел | 5 класс | 10 упай | 1-орун |
| 5 | Арапбайева Жасмина | 6 класс | 9 упай | 2-орун |
| 6 | Топчубайев Данел | 6 класс | 8 упай | 3-орун |
| 7 | Аманкулов Алихан | 6 класс | 8 упай | 3-орун |
| 8 | Сейитова Айчурок | 7 класс | 9 упай | 2-орун |
| 9 | Токтомушов Умар | 7 класс | 9 упай | 2-орун |
| 10 | Мусаева Бубуракия | 7 класс | 8 упай | 3-орун |
| 11 | Садиров Алаберди | 8 класс | 8 упай | 3-орун |
| 12 | Толонбаева Асема | 8 класс | 8 упай | 3-орун |
| 13 | Уланов Нурдин | 8 класс | 8 упай | 3-орун |
| 14 | Маширапова Умутай | 9 класс | 9 упай | 2-орун |
| 15 | Абдылазизова Мафтуна | 9 класс | 8 упай | 3-орун |
| 16 | Орозбаева М | 9 класс | 8 упай | 3-орун |
| 17 | Жороев Байыш | 9 класс | 8 упай | 3-орун |
| 18 | Исмаилов Кантемир | 9 класс | 8 упай | 3-орун |

Ал эми декабрь айында бир жумалык иш план менен Манас күнүн өткөрдүк.

2022-жылдын 28-ноябрында 5-9-класстарга линейка өткөрүлүп,анда кыргыз тили жана адабияты мугалими Келдибек к.Эркеайым Манас эпосу боюнча доклад окуду.

29-ноябрь күнү 8-класска кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчакова Аширкан эжеке Манас эпосун жыйынтоо үчүн бышыктоо сабагын (ачык сабак) өттү. Сабак мелдеш формасында болуп, балдар сабакка кызыгуу менен активдүү катышышты. Эпостон үзүндү да айтып беришти.

30-ноябрда 5-9-класстардан Манас айткан окуучуларды чогултуп,"Мыкты айтуучу" сынагы уюштурулду.

Жыйынтыгында 9-класстын окуучусу Манас уулу Адилет "Мыкты айтуучу" деп аныкталды. Мындан башка 5-а класстын окуучусу Кадыров Исабек, 9-класстан Абдышова Асель да салыштырмалуу жакшы айтты жана сыйланды.

Декабрдын биринчи күнү 8-а-8-б-9-а класстар ортосунда Манас эпосу боюнча викторина өткөрүлдү.

Натыйжада 8-а класстын окуучулары жеңишке жетишишти.

2-декабрь күнү кыргыз тилчи мугалимдери жана организатордун катышуусунда Манас күнү жыйынтыкталып,активдүү катышкан окуучулар сыйланышты.

Ушул эле айдын он экисинде улуу ойчул,гуманист жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүн белгиледик. Бул күн Ч. Айтматовдун урматына улуттук адабият күнү катары жарыяланган. Мында кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчакова Аширкан жазуучу тууралуу балдарга кеңири маалымат берип өттү. Мектеп ичинде анын чыгармалары боюнча 4-9-класстардын тарткан сүрөттөрү, Айтматовдун китептери,дубал газеталар көргөзмөсү уюштурулду.

Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү сахнада көрсөтүштү.

4-г класстын окуучулары "Бугу Эне" чыгармасын чоң класстарга салыштырмалуу мыкты аткарып беришти.

7-а класстын окуучулары "Бетме бет" повестин кызыгуу менен аткарып беришти.

6-а класстын окуучулары "Атадан калган туяк" чыгармасын көрсөтүп беришти. Жазуучуга арналган ырлардан көркөм айтылды. 7-в класстын балдары "Кызыл алма"чыгармасынан үзүндү көрсөтүштү. Жыйынтыгында эң жакшы, сүрөт тарткан класстар,чыгармаларды сахнада көрсөтүп берген класстар сыйланды.Усулдук бирикменин планы боюнча айлампа дептерлердин абалын текшерүү бар болчу,ал январь айында аткарылат.

Эстетикалык циклдар усулдук бирикмесинин жетекчиси Карабаева Раанагүл сөзгө чыкты.

Угулду:

Технология жана көркөм өнөр сабактарынын өтүлүүсү үстүртөн текшерилди. Сабак өтүүдө практикалык сабактардын өтүлүүсүндө мүчүлүштүктөр бар. Анткени окуучулар

керектүү материалдарды алып келбейт. Чыгармачылык иштер жокко эсе. Колдо бар материалдарды иштетүүгө үйрөнүү талабы коюлуп , анын үстүндө маселелер талкууланды. Ошондой эле дене тарбия сабагынан сабак өтүү көйгөйлөрү көп, анткени сабакка керектүү каражаттар менен инвентарлар жок.

Жаңы жылдык майрамдык салтанат жалпы залда өтүлгөн жок. Залга фетр кездемесинен кыркып жасалгалоо иштери жүргүзүлдү, ал кечеңдегенине байланыштуу, ар бир класс өз класстарында майрамдык салтанаттарда өткөрдү. Музыка сабагынын мугалими Эсенбек кызы Айназик Аяз кыз ал эми 9-класстын окуучусу Аяз ата ролунда класстарга кирип, класс жетекчилер даярдаган белектерди беришип, окуучулардын маанайлары көтөрүштү.

Дене тарбия мугалими Галдыбаева Кымбат жана көркөм өнөр, технология сабагынын мугалими Эшмамбетова Машхура ачык сабактарды өтпөгөндүктөн кийинки айларга сабактары жылдырылды жана эскертүү берилди.

Табигый жана так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси сөзгө чыкты.

Угулду:

Табигый жана так илимдер усулдук бирикмесинде 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш планынын негизинде 2-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш чаралар аткарылды.

2022-жылдын 1-ноябрында PISA-2025 эл аралык изилдөөгө даярдоо боюнча “PISA-2025 эл аралык изилдөөсүнө даярданабыз “ деген темада семинар өтүлдү

Семинарда биология мугалими Токурова Наринса “Табият таануу сабаттуулугу“,

математика мугалими Боркобаева Гулхан “математика сабаттуулугу”,

кыргыз тили мугалими Маматисман кызы Айзирек “Окуу сабаттуулугу “ боюнча кеңири маалымат берилип, мугалимдер топтордо тапшырмаларды аткарышты. Тапшырмаларды сабактарда пайдалануу, окуучуларды даярдоо боюнча ар түрдүү ой-пикирлер, сунуштар айтылып кызуу талкуу жүрдү.

2022-жылдын 17-ноябрында 6-7 класс окуучуларынан PISA тапшырмалары боюнча тесттик иштер алынды.Тест жыйынтыгы текшерилип тапшырылды.Жыйынтыгында 1-бөлум тапшырмаларына караганда 2-бөлум пиза тапшырмаларында окуучулар көп каталарды кетиришкен. Окуучуларга пиза тапшырмаларын көбүрөөк колдонуу, окуучуларды көнүктүрүү сунуштары мугалимдер тарабынан айтылды.

2022-жылды 25-ноябрында математика, физика, химия, информатика, биология предметинен, 29-ноябрь күнү география предметинен мектеп арасында олимпиада өткөрүлдү. Олимпиада шыктуу окуучулардын арасында өткөрулүп, балдар өз билимдерин сынап көрүштү. Олимпиада жыйынтыгы боюнча окуучулар орундарга ээ болушту Окуучулардын тесттик иштери текшерилип жыйынтыгы окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырылды.

Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси Көчөнова Гулбарчын сөзгө чыкты.

Угулду:

Ноябрь айында англис тили жана орус тили сабактарынан мектеп ичинде класстар арасында олимпиада болуп өттү. Өткөрүлгөн олимпиадага катышкан окуучулар төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болушту. Орус тилинен олимпиадага жалпысынан 15 окуучу катышкан.

| № | Окуучунун аты жөнү | Классы | Баллы | Орун |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Раимбердиева Элеанора | 8-б класс | 22 | 1 |
| 2 | Сабыров Актан | 8-б класс | 21 | 2 |
| 3 | Патитиллаев Нурсултан | 8-б калсс | 20 | 3 |
| 4 | Исраилова Адина | 6-б класс | 20 | 3 |
| 5 | Курмушуева Жаннат | 5-а класс | 23 | 1 |
| 6 | Кадырова Раяна | 5-а класс | 21 | 2 |

Окуучулар олимпиаданын талаптарын толук аткарып , тартиби менен тесттик барактарды иштеп тапшырышты. Кошумча каражаттар (китеп, журнал, телефон, баракчалар) колдонулган жок.

Ошондой эле англис тили сабагынан да мектеп ичинде 5-9- класстар арасында олимпиада болуп өттү. Өткөрүлгөн олимпиадага жалпы 39 окуучу катышкан, алардын ичинен 5 окуучу 1-2-3 орундарга ээ болушту.

| № | Ф.И.О | Класс | Балл | Место |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кадырова Раяна | 5-а класс | 24 | 1-место |
| 2 | Умарбеков Абдурасул | 5-б класс | 22 | 2-место |
| 3 | Токтомушева Жаннат | 5-а класс | 20 | 3-место |
| 4 | Момуназаорв Нуртилек | 5-б класс | 20 | 3-место |
| 5 | Раимбердиева Элеанора | 8-б класс | 20 | 3-место |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, орунга ээ болгон окуучулар грамоталар менен сыйланып, белектерди алышты. Негизинен 5класстан 9-класска чейинки окуучулардан жалпы 39 окуучу катышкан. Олимпиада тест түрүндө алынып окуучулар көбүнчө туура жана туура эмес этиштерден ката кетиришкен, этиштин өткөн чакта кандай болуп өзгөрүүсү тууралуу туура вариантын белгилей алышкан эмес.

Декабрь айынын 2- чейрекке чейин УБ нын планы боюнча англис тили сабагынан 8-9-класстардан жана орус тили сабагынан 6-9-класстардан тест түрүндө срездик иш алынышы керек эле бирок ошол мезгилде сабактар онлайн болгондугуна байланыштуу срездик иштер алынбай калды жана январь айына калтырылды. Декабрь айында орус тили сабагынан Мурзалиева Зарипа эжеке ачык сабак өтүлүшү керек эле шартка байланыштуу январь айына калтырылды.

Үчүнчү маселе боюнча мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Маматисман к. Айзирек сөзгө чыгып, озүнүн жарым жылдыктагы аткарган иштери боюнча маалымат берди.

Угулду:

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И. Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде сентябрь айында түзүлгөн пландагы иштер өз убагында аткарылды.

Биздин өлкөдө жыл сайын 1-сентябрь Билим күнү катары белгиленет. Бул майрамдын аты күз мезгилинин биринчи күнү. Кыргызстандагы орто жана жогорку окуу жайларынын окуу жылынын башталышына ылайык аталып калган. Билим күнү бул- бардык окуучулардын, студенттердин, алардын ата-энлеринин, мугалимдердин жана окуучулардын майрамы. Биздин мектеп да бул күнү окуучуларды мектепке кабыл алып, "Салам мектебим" салтанаттуу линейка өткөрүлдү. Жаңы эле мектепке кадам таштаган 1-класстын окуучуларын класс жетекчилери менен салтанаттуу чакырып алдык (музыканын коштоосунда). Салтанаттуу линейканы ачып берүү үчүн мектеп директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевич сөзгө чакырылып, ал жалпы окуучуларга, ата-энелерге, эмгек жамаатына куттуктоо сөздөрүн айтып, салтанаттуу линейканы ачып берди . Ошондой эле башталгыч 3-класстын окуучулары бий жана ыр тартуулашты. Күн ысык болгонуна байланыштуу линейканы кыска өткөрүүгө аракет жасадык. Салтанаттуу линейкадан кийин класс жетекчилер окуучуларын кабинеттерине алып кирип, эң биринчи эле Кыргыз Республикасынын гимни менен сабактарын баштап алышты. Ар бир класс жетекчи "Мен- Кыргызстандын жаранымын", "Элдердин биримдиги маданий көп түрдүүлүктө", "Эл биримдиги көп түрдүүлүктө" деген темаларда тарбиялык сааттарды өтүштү.

9-сентябрь күнү эрте менен окуучуларга жыйын өткөрүлдү. Анда музыка мугалими Эсенбек кызы Айназик комуз жөнүндө доклад окуп, комуздун жаралыш тарыхы, түрлөрү, улуу комузчулар, күүлөр туурасында кеңири маалымат берип өттү. Комузга, комуз күүлөрүнө кызыккан окуучулар өздөрүнүн суроолорун берип, берген суроолоруна музыка мугалими толук маалымат бергенге аракет жасады. Ал эми окуучулар берген суроолоруна канааттандыраарлык жооп ала алышты. Андан сырткары комуз черткен окуучулардын катышуусунда чакан концерт тартууланып, ыр, бийлер бийленди. Ошондой эле 5-6-класстардын арасында комуздун сүрөтүн тартуу сынагы болуп, окуучулар сүрөттөрүн тартып келишти. Бул да болсо мектеп окуучуларынын кыргыз элинин комуз күнүнө карата кошкон салымдары экени айтылып, балдарга дем-күч берилип, мындан ары да чоң-чоң ийгиликтерди багындыруулары айтылды. Жыйынтыгында эң жакшы комуз черткен окуучулар белгиленилди.

Сентябрь айында ар бир класста шыгына жөндөмүнө жараша класс активдери шайланды. Ошондой эле 15-сентябрь мектеп парламентинин туулган күнүнө байланыштуу жалпы мектеп окуучуларына жыйын өткөрүлүп, мектептин лидерлерин тандоо боюнча шайлоо уюштурулду. Анда мектеп окуучуларынын президенти болуп, 9-а класстын окуучусу Абдышова Асел, премьер министр-9-а класстын окуучусу Маширапова Үмүтай, окуу сектору- 8-б классынын окуучусу Раимбердиева Элеонора, тазалык сектору- Бөрүбаева Бубасия, тартип сектору- Жээнбеков Амирбек, маданий сектору- Сеитова Айчүрөк, китеп

сектору-Айкыз, спорт сектору- Садиров Аллабердилер шайланды. Алар менен өзүнчө жыйын өткөрүлүп, жылдык пландар түзүлдү.

Ошондой эле сентябрь айында ЮИДД тобу түзүлдү. 8-класстын каалоочу окуучулары топко мүчө болушту.

Топтун башчысы: Жээнбеков Амирбек

Жардамчылары: Абдуллаев Руслан, Хайдаралиев Бурхан, Нурманов Нурислам, Раимбердиева Элеонора, Эрматова Шукрона, Имарова Айдана.

Бул окуучулар менен биргеликте мектептин жылдык планы иштелип чыкты. Бул окуучулар жол кыймылынын жана белгилеринин жана сигналдарынын талаптары менен таанышып, жол кыймылынын коопсуздуктары жөнүндө маалыматтарды алышты.

20-сентябрдан баштап ар бир класс жетекчи “ Жолдо жүрүү эрежелери” , “ Жол коопсуздугун сактоо”, -деген темаларда класстык сабактарды өтүп, ар бир окуучуга эрежени тааныштыруу боюнча кол тамгаларын койдурду.

Ата-энелер менен мектептен сырткары жол коопсуздугун сактоо боюнча жол коопсуздугунун жоопкерчиликтери ата-энелерге жүктөлүп, тил кат алынды. Ар бир класстык кабинеттерде жолдо жүрүү эрежелери боюнча бурчтар уюштурулуп, эрежелер илинди.

Бардык окуучулар үй, мектеп схемасын түзгөн, үйдөн мектепке чейинки жолдун схемаларын түзүп, даректери жазылып, күндөлүктөрүнө тиркелди.

Класс жетекчилери тарабынан окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, түштөн кийинки мезгилде балдар аянтчаларында , жолдон коопсуз жерлерде ойноо керектиги, велосипедди эл аз, машина жүрбөгөн жерлерде айдоо керектиги жөнүндө айтылды. Окуучулардын суроолоруна жооп беришип, өз ара жол белгилери боюнча талкуулашты.

6-класстын окуучуларына “ Жолдо жүрсөң абайла” КВНи төмөнкү жобонун негизинде өткөрүлдү.

Максаты:

-Окуучуларга жол эрежесин түшүндүрүү жана жол белгилерин так билүүгө үйрөтүү

-Балдарды жолдо жүрүүдө өздөрүнү тыкан алып жүрүүгө, көңүл буруууга, тартиптүүлүккө тарбиялоо

Шарттары:

1. Суроо жооп.

-Жол деп эмнени айтабыз?

-Тротуар деген эмне?

-Светофор деген эмне?

-Светофордун ролун аткаруучу жол кызматкери ким деп аталат?

2. Жол белгилеринин аталыштары (сүрөттөр)

3. Жол эрежесин бузуу боюнча көрүнүш ( видеороликти талдоо)

4. Жыйынтыктоо.

Зордук зомбулуктун, рекетчиликтин алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчилер жыл башында " Уурулук уят иш" сыяктуу тарбиялык сабактарды өтүштү. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, ИДН кызматкери менен биргеликте класстарга тынымсыз рейд жүргүзүүнүн жана түшүндүрүү иштеринин натыйжасында зордук-зомбулукка жана рекетчиликке кабылган окуучу байкалбады. 4-класстын окуучуларынан 7-класстын окуучусу Икрамов Билал акча алгандыгы билинип, атасы чакыртылып, баланын тартиби оң жолго салынды. Күмөн жараткан окуучулар менен жекече сүйлөшүп, көйгөйлөрүн аныктап, алдыга жакшы максаттарды коюп, ага жетүү боюнча аракеттенүү жөнүндө иштер алып барылды. Үйлөрүнө рейдге чыгып ата-энеси менен байланышып, мыйзам чегиндеги жоопкерчиликтер боюнча түшүндүргөн учурлар болду. Окуучулардан арызданган учурларда убагында ар бир окуучунун тартиби көзөмөлгө алынып, жараштырган учурлар көп эле кездешти. Мисалы 7-а жана 7-б класстын кыздарынын арасындагы чыр-чатак узакка созулуп, акырында кыздар жарашып дос болгонго жетишти.

Мамлекеттик тилибиздин 33жылдык майрамын утурлап, мектепте бир айлык иш-чаранын планы түзүлдү жана түзүлгөн иш-чара мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилди. 12-сентябрь күнү иш-чаранын ачуу аземи болуп, анда кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчакова Аширкан эжеке "Мамлекеттин келечеги-мамлекеттик тилде" деген темада доклад окуду.

15-сентябрда класстар арасында кыргыз тил бурчу жетекчилик тарабынан каралып чыгып, балдардын ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында дубал газета сынагы өткөрүлдү. Ошондой эле тил боюнча белгилүү инсандардын ойлорун көрсөтмө тактайчага кыргыз тили мугалимдери тарабынан жаздырылып келип, мектептин көрүнүктүү жерлерине илинди. Кыргыз тилине байланыштуу мектеп ичинде мугалимдер жана окуучулар тарабынан көргөзмө уюштурулду.

Ал эми 19-сентябрь күнү кыргыз тилинин сабаттуулугун жогорулатуу максатында 5-8-класстар арасында "Сабаттуу бол" акциясы уюштурулуп, кыргыз тилчи мугалимдер ар бир класстан жана мугалимдерден жазуу ишин алышты.

Аяк оона айынын жыйырма экисинде 5-9-класстар ортосунда сүрөт сынагы болуп, 5-6-класстар кызыгуу менен сүрөт тартып келишти.

1-орун 6-"б"класска

2-орун 5-"а" класска

3-орун 5-"б" класска берилди.

26-сентябрь күнү кыргыздын улуттук буюмдарын колдо жасоо сынагы 4-9-класстар арасында өткөрүлүп,эң жакшы катышкан класстар белгиленди.

Ушул эле айдын жыйырма тогузу күнү кыргыз тили жана адабияты мугалими Маматисман кызы Айзирек "Дили адептүүнүн тили адептүү" деген темада тарбиялык сабак өттү. Жаш болсо да таланттуулугу,шыктуулугу,жөндөмдүүлүгү анын аткарган ишинен көрүндү.

3-октябрь күнү "Тил акындардын ырларында"аттуу көркөм айтуу сынагы болуп, натыйжада төмөнкү калсстар орундарга татыктуу деп табылды.

1-орун 9-а класс

2-орун 8-б класс

3-орун 7-а класс

5-октябрь күнү "Макал айтышуу"сынагы болуп,анда 5-класстар арасында 5-а класстан Кадырова Раяна, 6-кластар ортосунда 6-б класстын окуучусу Камалдинова Мадина, 7-класстар арасында 7-в класстын окуучусу Дехканова Айназик, 8-класстардан 8-б класстынокуучусу Раимбердиева Эленора жеңишке жетишти. Ал эми жалпы класстар ортосундагы айтышууда 6-б класстын окуучусу Камалдинова Мадина "Мыкты айтуучу"деп табылды.

Ал эми октябрдынону күнү жаңылмач айтышуу жана табышмак табуу сынагы 4-8-класстар менен өткөрүлүп,жаңылбай бат айткан 7-б класстын окуучусу Камчиева Шахида жеңүүчү деп табылды.

Ал эми эң көп табышмак айткан 4-а класстан Жанибеков Абдишүкүр ,эң жакшы жаңылмачтарды жаттап келген ушул эле класстан Эркинбекова Назик сыйланды.

12-октябрь күнү 5-9-класстар арасында Манас айтуу сынагы өткөрүлүп,анда 9-класстын окуучусу Манас уулу Адилет Манасты мыкты айткан окуучу деп көрсөтүлдү.

14-октябрь "Кыргыз тили-кызыл туусу элимдин"деген темада концерттик программа менен тил айлыгын жыйынтыкталды.

Бүгүнкү күндө билим берүү кызматкерлерин колдоо жана билимдин кадыр баркын калыптандыруу мамлекетибиздин артыкчылыктуу багыты болуп саналганына байланыштуу биздин мектептин жамааты жана окуучулары да активдүү катышышты.

План боюнча 30-сентябрь күнү башталгыч класстын окуучулары Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата куттуктоо баракчаларын ата-энесинин жана жакындарынын жардамында жасап келишти. Анда 3-"В"класстын окуучусу Жамалдинов Даниель эң мыкты куттуктоо баракчасын жасагандыгы үчүн 1- орунга, ал эми 2-орунга

1- "В" класстын окуучулары Мамасаитова Камила жана Байматова Камила ээ болуп, грамота жана белектер менен сыйланды.

Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата 3-октябрь күнү "Мугалим мектептин жүрөгү" деген темада 1-9-класстарга класстык сааттар өтүлдү. Ошондой эле дубал газеталар жана "тик ток" куттуктоолору 5-6-7-8-9-класстардын окуучулары тарабынан жасалып чыгарылды. Анда Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата дубал газета жана "тик ток" куттуктоолору сынагынан 1-орунга 6- "Б" класстын окуучулары, ал эми 2-

орунга 9- "А" класстын окуучулары, 3-орунга 7- "В" класстын окуучулары жана активдүү катышкандыгы үчүн 5- "Б", 5- "В" класстын окуучулары татыктуу деп табылып, грамоталар жана белектер менен сыйланды.

4-октябрь күнү "Эгер мен мугалим болсом.....", "Мугалимим менин устатым" деген темаларда 8-9-класстын окуучуларына класс жетекчилери тарабынан эссе жаздырылды.

5-октябрда Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө арналган "Мугалим-билим ачкычы" аттуу салтанаттуу концерттик программа көрсөтүлдү. Иш-чара окуучулар кеңеши тарабынан уюштурулуп, ыр-бийлердин коштоосунда шаңдуу өттү. Мектеп директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевич мугалимдерди майрамы менен куттуктады. "Кесиптештеримди ардактуу кесиптик майрамыңар менен куттуктайм. Ишиңерге ийгилик, үй-бүлөңөргө тынчтык каалайм. Окуучуларга ыраазычылык билдирем". Окуучулар сахнада мугалимдер тууралуу ырларын аткарышып, таазим этишти. Бул иш-чаранын негизги максаты мугалимдерибиздин көңүлүн көтөрүү, аларга таазим этерибизди, эмгектерин сыйларыбызды көрсөтүү болду.

2022-2023-окуу жылынын октябрь айына түзүлгөн пландын негизинде төмөнкү иш чаралар өткөрүлдү.

1-октябрь "Карылар күнүнө" карата "Карысы бардын ырысы бар" жана "Улууларды урматтоо, туугандарына жана жакындарына камкордук көрүү" ар бир адамдын милдети тууралуу 1-9-класстарга тарбиялык сабактар өтүлдү. "Улууга урмат кичүүгө ызаат" деген темада дил баяндар жаздырылды. Анда 7-"А" класстын окуучусу Сейитова Айчүрөктүн жана 8- "Б" класстын окуучусу Бөрүбаева Бубасиянын дил баяндары жакшы деп табылды. Ошондой эле окуучулары тарабынан чакан концерттик программа уюштурулуп, мектептин ардагер мугалимдери Сайпидинова Уруниса, Рысова Чолпон жана тех. кызматкерлери Калашников Ринат, Турдубаев Азим, Нурматова Максудаларга мектеп жамаатынын атынан кичи белектер берилди.

Мектептин мугалимдери тарабынан 1500 сомдук азык-түлүк алынып, мектеп директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевич шаарыбыздын мери Мааткалыков Асилбек Жоробаевич менен биргеликте 1 кичи район 19-20 үйүндө жашаган 93 жаштагы Рахматуллина Валманы "Карылар күнү" менен куттуктап келишти.

Бүгүнкү күндө билим берүү кызматкерлерин колдоо жана билимдин кадыр баркын калыптандыруу мамлекетибиздин артыкчылыктуу багыты болуп саналганына байланыштуу биздин мектептин жамааты жана окуучулары да активдүү катышышты.

План боюнча 30-сентябрь күнү башталгыч класстын окуучулары Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата куттуктоо баракчаларын ата-энесинин жана жакындарынын жардамында жасап келишти. Анда 3-"В"класстын окуучусу Жамалдинов Даниель эң мыкты куттуктоо баракчасын жасагандыгы үчүн 1- орунга, ал эми 2-орунга

1-"В" класстын окуучулары Мамасаитова Камила жана Байматова Камила ээ болуп, грамота жана белектер менен сыйланды.

Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата 3-октябрь күнү "Мугалим мектептин жүрөгү" деген темада 1-9-класстарга класстык сааттар өтүлдү. Ошондой эле дубал газеталар жана "тик ток" куттуктоолору 5-6-7-8-9-класстардын окуучулары тарабынан жасалып чыгарылды. Анда Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата дубал газета жана "тик ток" куттуктоолору сынагынан 1-орунга 6- "Б" класстын окуучулары, ал эми 2-орунга 9- "А" класстын окуучулары, 3-орунга 7- "В" класстын окуучулары жана активдүү катышкандыгы үчүн 5- "Б", 5- "В" класстын окуучулары татыктуу деп табылып, грамоталар жана белектер менен сыйланды.

4-октябрь күнү "Эгер мен мугалим болсом.....", "Мугалимим менин устатым" деген темаларда 8-9-класстын окуучуларына класс жетекчилери тарабынан эссе жаздырылды.

5-октябрда Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө арналган "Мугалим-билим ачкычы" аттуу салтанаттуу концерттик программа көрсөтүлдү. Иш-чара окуучулар кеңеши тарабынан уюштурулуп, ыр-бийлердин коштоосунда шаңдуу өттү. Мектеп директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевич мугалимдерди майрамы менен куттуктады. "Кесиптештеримди ардактуу кесиптик майрамыңар менен куттуктайм. Ишиңерге ийгилик, үй-бүлөңөргө тынчтык каалайм. Окуучуларга ыраазычылык билдирем". Окуучулар сахнада мугалимдер тууралуу ырларын аткарышып, таазим этишти. Бул иш-чаранын негизги максаты мугалимдерибиздин көңүлүн көтөрүү, аларга таазим этерибизди, эмгектерин сыйларыбызды көрсөтүү болду.

Мектептин башталышы менен эле берекелүү күз майрамы башталат эмеспи, мына бул балдардын тек эле баарыбыздын эң сүйүктүү майрамыбыз, себеби мөмө-жемиштер, жер жемиштер бышкан, витаминдерге бир катар байып алабыз.

14-октябр күнү 8-9-класстын окуучуларынын катышуусунда "Мисс жана Мисстер күз" конкурсу болуп өттү. Анда ар бир класстан бирден окуучу кыз жана бирден окуучу бала катышып, конкурска түзүлгөн жобонун негизинде эң мыкты катыша алышты. Балдардын кылган эмгектери атайын түзүлгөн калыстар тобу тарабынан бааланып, бөлүнгөн белектер тапшырылды.

18-октябрь күнү класстар арасында "Берекелүү алтын күз" майрамына карата иш мерчеми түзүлүп, өткөрүлдү.

Алтын күз майрамына карата " Эң мыкты дубал газета", " Эң мыкты мөмө-жемиштерден көргөзмө (фантпзия)", "Эң мыкты жер-жемиштерден тамак жасоо" сынактары уюштурулуп, бүгүнкү күндө ар бир класс өз жасаган жерин эмгектерин тапшырышты.

Бул сынактарга жыйынтык чыгаруучу комиссия мүчөлөрүн дайындап алганбыз, алар: Сайпидинова Уринса, Пайзилдаева Зубайда, Карабаева Раанагүл. Алар бардык класстардын эмгектерин көрүп чыгышып, орундарды беришти. Анда биринчи орунга 7-В класстын окуучулары, экинчи орунга 6-Б класстын окуучулары жана 5-В класстын окуучулары татыктуу деп табылып, грамоталар жана белектер тапшырылды.

Ошондой эле 21-октябрь күнү план боюнча жарандык күнү өткөрүлдү.

1. Ар бир класска класс жетекчилери биринчи саатта ”Табигый кырсыктардан коргонуу” боюнча тарбиялык сабактарды өтүштү . Башталгыч класстын окуучулары жер титиреген мезгилде эң алгач партанын астына кирип, андан кийин этияттык менен сыртка чыгуу боюнча, масканы кантип колдонуу
2. Саат 10:00до тревогалык сигнал берилип, окуучулар жайык жерге чыгып жыйналышты. Организатор Маматисман кызы Айзирек ал жерге коюлган коргонуу каражаттары, кеңеш берүүчү китепчелер менен тааныштырды. Ошондой эле сел келгенде, чагылган болгондо, жер титирегенде, өрт чыккан мезгилде, газдан кантип коргонуу керектиги боюнча маалыматтарды окуучуларга түшүндүрдү.
3. 9-класстын окуучулары кол, бут сынганда же баштан жаракат алган мезгилде кантип биринчи жардамды көрсөтүү керектиги боюнча теориялык жана практиклык иштерди көрсөтүштү. Газга каршы кийүүчү баш кийимди кантип кийип, кантип чечүү керектиги, масканы туура пайдалануу боюнча практикалык машыгууларды көрсөтүштү.

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча тарбиясы оор окуучуларды, кароосуз калган балдардын тизмесин тактоо иштерин мектептин соц.педагогу ар бир класс жетекчилер менен иш алып барып олтуруп, баарын тактап чыкты. Мына ошону менен биргеликте эле коомчулуктун көйгөйү болгон “Диний экстремизм” боюнча класс жетекчилер 24-октябрь күнү 1-класстан 9-класска чейин тарбиялык сабактарды өтүштү.

Мектептин профсоюз уюмунун төрайымы Токурова Наринса сөзгө чыгып, бир жыл ичинде аткарган иштери боюнча төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Мектеп кесиптик бирлиги өзүнүн ишин мектеп профсоюзунун нормативдик документтерин жетекчилигине алып, профсоюз мүчөлөрүн социалдык жактан жана эмгекти коргоо маселесине көңүл буруу менен иш алып бардык.

Мектеп профсоюз уюмунун мучөсүнүн саны-42

Мугалим-31

Тех кызматкелери-11

2021-жылдын сентябрь айында 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн профсоюз уюмунун иш мерчемин карап чыгып, жаны окуу жылына карата толуктоолор киргизилди.

Профсоюз уюмуна жаңыдан кошулган мүчөлөрдүн арыздары жазылып, карточкалары түзүлдү. Эмгек жамаатынын социалдык паспорту такталды.

Октябрь айында мугалимдердин кесиптик майрамын белгилөө үчүн майрамдык кече уюштурулду. Майрамга карата шаардык профсоюз комитети тарабынан 3000сом (үч миң сом) акча каражаты бөлүнүп, эмгек жамааты майрамды «Ак-ниет» кафесинде белгилешти.

Кесиптик майрамга карата билим берүүдөгү жетишкендиктери, талыкпас эмгектери үчүн алдыңкы жана тажрыйбалуу мугалимдер шаарыбыздын мериясы, шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан сыйланышып, атайын шаарыбыздын мериясы тарабынан уюшулган майрамдык кечеге катышышты. Төмөнкү мугалимдер сыйлыктарга ээ болушту.

1.Маккамбаева Феруза шаардык мериясынын “Ардак грамотасы”

2.Мурзалиева  Зарипа билим берүү бөлүмүнүн “Ардак грамотасы”
3.Калыкова Жылдыз  мектептин “Ардак грамотасы”
4.Идрисова Миргул мектептин ”Ардак грамотасы” менен сыйланышты.

Октябрь айында “Карысы бардын, ырысы бар “ демекчи  мектептин ардагерлери болгон:
1.Калашников Ринат

2.Рысова Чолпон

3.Сайпидинова  Уринса эжекелерди куттуктоо уюштурулуп, акчалай белектер берилди.

2022-жаны жыл майрамдык кече уюштурулуп, эмгек жамааты мектеп актовый залында майрам майрамдалды. Майрамга шаардык профсоюз комитети тарабынан 3000сом (үч миң сом) акча каражаты берилип, майрамдык столго таттуулар алынды.

23-февраль “Мекенди коргоочулар” күнүнө  карата эмгек жамаатынын айымдары  эмгек жамаатынын мырзаларын  майрамдары менен куттукташып,концерттик программалар тртуулап, 1700 сом (бир миң жети жүз сом) акчалай  түрдө  белектер берилди.

8-март “Аялдардын эл аралык күнү” майрамына карата майрамдык кече уюштурулду. Эмгек жамаатынын  мырзалары айымдарды куттуктап  2700сом (эки миң жети жүз сом) акчалай түрдө белектер берилди. Эмгек жамаатынын айымдары “кафе №1” кафесинде майрамды белгилешти.

8-Март аялдардын эл аралык майрамына карата шаардык профсоюз комитети тарабынан 3000сом (үч миң сом) акча бөлүндү. Бул акча “Нооруз” майрамына  карата уюштурулган майрамга иштетилди. ”Нооруз майрамы  мектепте  өтө шаңдуу белгиленди. Майрамга карата сүмөлөк  жасалды. Шаардык профсоюз комитети тарабынан берилген акчага 1600сомго ун, 1400сомго суусундуктар алынды.

Мындан сырткары эмгек жамаатынын оздук майрамдары, тойлор белгиленип келди.

Эмгек жамааты мектеп ичинде, шаар, областт, Республика  арасында өткөрүлгөн иш чараларга, ишембиликтерге, конкурстарга активдүү катышып, ийгиликтерге жетишишти. Айтып өтсөк: Билим берүү тармагындагы баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын төрайымдары үчүн  уюштурулган “Онлайн-тест” карoo сынагына профсоюз уюмунун төрөйымы Токурова Наринса  катышып, жеңүүчүлөрдүн катарында  Баткен облаттык профсоюз комитетинин “Ардак грамотасы” менен жана акчалай сыйлык менен сыйланды. Ошону менен бирге  профсоюздук кесиптик майрамына карата “Билим, илим профсоюздар отличнигинин“ төш медалы менен сыйланды.

“Санарип мугалим” конкурсуна да мугалимдер активдүү катышып жеңүүчүлөрдүн катарында болушту.

Тарых мугалими Туманов Куштарали 3-орунду ээлеп, “Санарип мугалим” төш медалы менен, башталгыч класс мугалими Султанова Мээринса ийгиликтерге жетишип, “Санарип мугалим” төш медалы менен сыйланды.

Үзүрлүү эмгеги үчүн  акыркы коңгуроо  майрамына карата тех кызматкери Нурматова Максуда шаарыбыздын мериясынын “Ардак тграмотасы” менен сыйланды.

Эмгек жамаатынын бир күндүк эс алуусу уюштурулуп, "Апшыр-Ата" эс алуу жайында өткөрүлдү. Эс алууга шаардык профсоюз комитети тарабынан 3000 сом (үч миң сом) акча каражаты бөлүндү. Акчага ширинидиктер, суусундуктар алынды. Эмгек жамааты көңүлдүү эс алышты.

Эмгек жамаатынын балдарына профсоюз уюму тарабынан балдар үчүн балдардын эс алуу лагери шаарыбызда ДОЦта уюштурулуп, 8 бала эс алышты.

Мектептин соцпедагогу Абдураимова Бумайрам сөзгө чыкты.

Угулду:

Сентябрь айынын башталышынан аякташына чейин "Балдардын жашоо шартын иликтеп социалдык иликтөөлөрдү жүргүзүп" Социалдык жактан колдоого муктаж болгон окуучулардын тизмеси такталды.

Профилактикалык кеңештин планы түзүлдү.

Жашоо шарты оор аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарына мектептен жардам катарында тамак-аш уюштурулуп берилди.

Класстардын социалдык картасы түзүлдү.

Милициянын жардамчы отряды түзүлдү 8-9-классдын активдүү окуучуларынан.

Класс жетекчилер сентябрь айында жол, техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча түшүндүрмө беришти. Ошондой эле ата-энелер менен да жол коопсуздугу жана баланы сабактан тышкаркы мезгилде көзөмөлдөө боюнча класс жетекчи ата-эне менен келишим түзүлдү.

Зордук зомбулуктун, рекетчиликтин алдын алуу боюнча ар бир класс жетекчилер жыл башында "Уурулук-уят иш" сыяктуу тарбиялык сабактарды өтүштү. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, ИДН кызматкери менен биргеликте класстарга тынымсыз рейд жүргүзүүнүн жана түшүндүрүү иштеринин натыйжасында зордук зомбулукка жана рекетчиликке кабылган окуучулар байкалбады.

Ноябрь айында "Досуңа жардам" акциясы өткөрүлүп, анда балдар ДЦП балдарга окуу куралдары жана акчалай жардамдарды көрсөтүштү.

Ноябрь, декабрь айларында 15 күндүк "Гендер аралык зордук-зомбулук" боюнча иш-чара өткөрүлдү.

"Эрте турмуш куруунун кесепеттери" деген тамада 7-9-класстарга семинар өтүлүп, анда эрте турмуш куруунун кесепетинен кыздардын ажырашуу жана өлүмгө дуушар болгон учурлары боюнча статистикалык маалыматтар берилди.

"Адепсиздик-кылмыш, кылмыштын акыры-жаза" деген темада 7-9-класстын балдарына ИДН кызматкери менен биргеликте зордук-зомбулуктун, рекетчиликтин алдын алуу боюнча ноябрь айында жолугушуулар өткөрүлдү.

Декабрь айында СПИДке каршы күрөшүү күнүн белгилөө максатында 6-9-класстын окуучулары медайым менен жолугушуп, организатордон кеңештерди алышты.

Рейддерге 6 жолу чыгып, сабакты көп калтырылган окуучулардын үйлөрүнө барылды. Сабак учурунда базарда,компьютер кааналарында отурбай, телефон жана интернетте узак отурууга чектөөлөрдү киргизип, сабактарды үзгүлтүккө учуратпай, түштөн кийин тапшырмаларын даярдануусу боюнча класс жетекчилерге ата энелерге кайрылуулар жасалды.

Биргелешкен рейддерге 4 жолу чыктык.

Суициддин алдын алуу максатында жашоосунда чечилбеген маселелери бар окуучулар менен жекече сүйлөшүүнүн негизинде алдыга карай жаңы, жакшы максаттар менен жашоого умтулууга үндөдүк.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А.К. чыгып, соцпедагогдун жүргүзгөн иштери боюнча анализ кылды жана маселе жараткан окуучулар боюнча кайсы класс жетекчи кайрылганын сурады.

Мектептин соцпедагогу Абдураимова Бумайрам сөзгө чыкты.

Угулду:

-Мага 2-класстын класс жетекчиси Валентина Владимировна менен 4-б класстын жетекчиси Калыкова Жылдыз эжекелер кайрылышты. Бул эжекелер кайрылган окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүп, маселени оң жагына чечтик.

8-а класстагы Апсамиев Ысмайыл сентябрь айына караганда азыр кыйла жакшы жакка өзгөрдү, сабакты калтырбайт, мектеп формасында келет, мугалимдерге каяша сүйлөбөй калган. Анан ушул эле класстагы Тажибаев Алымбек менен кандай иш алып барууну да билбей калдым. Сабакка такыр эле келбейт, 3-чейрек башталгандан бери анын кайда жүргөндүгүн апасы да “билбейм” деп жооп берет. Апасы да башкара албай калгандыгын, өздөрү да тажап кеткендигин айтышты. Бул окуучунун артынан үйүнө көп жолу бардым, апасы иштеткен “Өскөн ата” дүкөнүнө да бардык, бирок эч кандай натыйжа чыкпады. Апасы да акыркы убакыттарда телефонун көтөрбөй, “Эмне кылсаңар өзүңөр билгиле” деген арыз доолору менен сүйлөп калган, бирок эч түшүнүк кат жазып берүүгө макул болбойт. Анын үйүндөгүлөр менен сүйлөшкөндүгүм жөнүндө бардык далил бар, түшүнүк кат да жаздырып алганмын. ИДН кызматкери Мамытов Азамат менен да биргеликте бир канча иш алып бардык. Жыйынтыгы канааттандыраарлык эмес.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А. К. чыгып, жогоруда аталган окуучунун үстүнөн класс жетекчиси менен биргеликте кайрадан ишти тереңдетип алып барууну жана тажрыйбалуу соцпедагогдор менен байланышып, алардын усулдары менен иштешип көрүүнү сунуштады. Анан ар бир класс жетекчи сабакка келбеген, тартип бузган окуучулар менен жекече сүйлөшүп, үйлөрүнө барып шарттарын билип келүүсүн тапшырма берди.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3\. 1. Соцпедагогдун, организатордун, профсоюздун берген отчеттору канааттандыраарлык деп табылсын.

2. Класстан тышкаркы иштерди жакшыртуу жана кемчиликтерин оңдоо жагы организаторго милдеттендирилсин.

3. Соцпедагогдун, организатордун, профсоюздун иштерин жакшыртуу Абдураимова Бумайрамга, Маматисман к Айзирекке жана Токурова Наринса эжекеге милдеттендирилсин.

4. Көзөмөлдөө жагы мектептин директору Эрматов Алмаз Кудайбердиевичке жүктөлсүн.

Мектеп директору: Эрматов А.К.

Катчы: Жумаева А.Ж.